Макулдашылды
Билим берүү бөлүмүнүн
башчысы ____________
Т.К.Тезекбаев
«__»________2018-ж

Макулдашылды
Ак-Суу айыл аймагынын
башчысы ____________
А.Н.Нурбеков
«__»________2018-ж

28 06 2018

# Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Москва районундагы С.С.Усубалиев атындагы орто мектебинин 2018-2023-ж.ж. Өнүгүү планы

Ак-Башат 2018-ж

# Жылдык цикл этаптары.

1. Мектептин миссиясын аныктоо
2. Мектептин өзүн баалоосу.
3. Көйгөйлөрдү аныктоо жана анализ
4. Максаттарды жана тапшырмаларды коюу.
5. Планды түзүү.
6. Тапшырмалардын аткарылышына жетүү жана учурдагы мониторинг.
7. Жетишилген натыйжаларды баалоо.

AnyScanner

# Жылдык цикл этаптары.

1. Мектептин миссиясын аныктоо
2. Мектептин өзүн баалоосу.
3. Көйгөйлөрдү аныктоо жана анализ
4. Максаттарды жана тапшырмаларды коюу.
5. Планды түзүү.
6. Тапшырмалардын аткарылышына жетүү жана учурдагы мониторинг.
7. Жетишилген натыйжаларды баалоо.

AnyScanner

1-этап. **Мектеп миссиясы.**

- Билимдүү, ар тараптан өнүккөн адамзатты сүйө билген жаратылышка аяр мамиле кылган эмгекчил инсанды тарбиялайт;
- Жалпы билим берүүдө заманбап талабына ылайык компотенттүү өз мекенине баалуулук көз караштагы инсанды тарбиялайт;
- Учурдун талабына ылайык заманбап технологиясын колдоно ала турган мекенчил инсандарды окутуп жана тарбиялайт;
- Ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөө жөндөмдүҮү, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптанөнүккөн инсанды табиялоо.

Мектеп миссиясы (2).

Мектеп 1989-жылы курулган. Мектеп 150 орундуу жана типтүү эмес. 2012-жылы 1-корпусу өрттөнүп кетип, азыркы учурда 1 корпуста 2 нөөмөттө окуп жатат. Мектепте 16 мугалим эмгектенет. Алардын ичинен 11 мугалим жогорку билимдүү. 4 мугалим атайын орто. 1 мугалим жалпы орто. Окуучулардын жалпы саны 103, анын ичинен 41 кыз. Компьютерлердин саны 4, 2 телевизор жана интернет жок. Окуучулардын китеп менен камсыз болушу: 1-4-кл 75%, 5-9-кл- 80%,

10-кл-81%, 1-10-кл – 85%. Окуучуларга билим берүүгө бардык талаптар бар. Төмөнкү ресурстарды ишке ашыруу үчүн, мектепте ар бир кабинетте компьютер, интерактивдүү доска менен камсыз кылынса, окуучулардын билим деңгээли жогоруламак.

Мектеп миссиясы (3).

2020-2021-окуу жылында бүтүрүүчүлөр 9-класста 10 окуучу. Анын ичинен кыздары 7 . Класстын жетишүүсү 100%. Билим сапаты 60%. 3 окуучу артыкчылык аттестаты менен аяктады.

Быйылкы 2021-2022-окуу жылында улуттук тест борборунун тест сынагына о́ктябрь, айында 10-класстан 6 окуучу, 9-класстан 1окуучу катышып, орус тили жана кыргыз тил сабактарынан жакшы деген бааларга ээ болушту.Окуучулардын билими жакшы деңгээлге жетти жана кулк мүнөздөрү калыптанды.

**Мектептин өздүк (өзүн-өзү) баалоосу – 2 этап**

Мектептин өздүк баалоосунун сферасы.(1)

1. Мектептин окуу планы
2. Окутуу тарбялоо жана сабак берүү
3. Ресурстар
4. Окуучулардын көндүмдөрү, жетишкендиктери
5. Мектептин ички климаты

AnyScanner

**Окутуу тарбиялоо жана сабак берүү**

Мектептин окуу жылынын жалпы иш планынын негизинде окуучуларды окутуу жана тарбиялоо процесси жүргүзүлөт. Жыл башында түзүлгөн сабактардын кестеси тууралуу предметтик мугалимдер окуучуларга сабактарды, класстык сааттарды өтүшөт. Мектептин окуу тарбия жана тарбмия айлык пландарынын негизинде, план боюнча коюлган иш чаралар предметтик мугалимдер, класс жетекчилер өтүшүп, окуучулардын билим сапатын жогорулатып жатышат, тарбиялык ички дүйнөсүн кеңейтишет. Ошондой эле окуу жыл ичинде окуучулар райондук, облустук , эл аралык сынак конкурстарына, таймаштарга, спорт, чыгармачылык иш чараларга катышып, билим тарбия сапаттарын өнүктүрүшөт. Мугалимдер, класс жетекчилер сабактарды, класстык сааттарды, иш чараларды сапаттуу берүүгө умтулушат. Жыл сайын предметтик мугалимдер өздөрүнүн билимдерин жогорулатып, тренинг, семинарларга катышып, билимдерин өнүктүрүшөт. Сапаттуу сабак иш чараларды өтүүгө көйгөйлөрдүн бири техникалык каражаттар, компьютерлердин жетишпегендиги. Бирок окуучулардын билим деңгээли тарбиясы жакшы деңгээлде. Мектепте 5 предметтик жана 3 класстан тышкаркы ийримдер иш жүргүзүп окуучулардын билим сапатын, чыгармачылыктарын өстүрүшөт.

3. **Ресурстар**

**2021-2022 –окуу жылдын башында мектепте 14 мугалим эмгектенет.**

Мугалимдердин билимдери

Педагогикалык жогорку- 11

Педагогикалык атайын орто- 2

Педагогикалык эмес атайын орто-

Жалпы орто-

Кесиби боюнча:

Математика- 1 мугалим

Физика, чийүү –

Кыргыз тил жана адабият – 1 мугалим

Орус тили - 2 мугалим

Тарых, география, адам коом- 1мугалим

Дене тарбия – 1мугалим

Башталгыч класстар – 4 мугалим

Чет тил – 2 мугалим

Химия, биология – 1 мугалим

480 с. программа боюнча – 1 мугалим

**Мектепте балдарды окутууга төмөнкү техникалык каражаттар бар.**

1. компьютерлер – 4
2. принтер – 1
3. ксерокс – 1
4. музыкалык центр -
5. телевизор -2

Мектептин китепканасында окуучуларды китептер менен камсыз кылуу тууралуу маалымат. Жалпы мектеп боюнча окуучулар китеп менен 93 %

AnyScanner

камсыздалган. Төмөнкү окуу китептери 60% менен камсыздалган. 1-4-класстар кыргыз тил, музыка, көркөм өнөр, англис тили. 5-9-класстар кыргыз адабияты, адеп, англис тили, алгебра, биология. 10-класстар орус тили, алгебра, биология.

4. **Окуучулардын көндүмдөрү жана жетишкендиктери**

2021-202-окуу жылынын окуучулардын жетишүүсү жана билим сапаты окуу жыл башында жетишүүсү 100%, билим сапаты 37%, жылдын аягында окуучулардын жетишүүсү 100%, билим сапаты 39%.

5. **Мектептин ички климаты**

Мектепте 14 мугалим эмгектенет. Алардын ичинен 11 мугалим жогорку билимдүү. 2 мугалим атайын орто, бүтпөгөн педагогикалык жогорку – 2. Окуучулардын жалпы саны 106, анын ичинен 49кыз. Компьютерлердин саны-4. 2 телевизор жана интернет туташтырылган. Окуучулардын китеп менен камсыз болушу: 1-4-кл 75%,
5-11-кл-80%.

Окуучуларга билим берүүгө бардык талаптар бар.

Мектепте окуу жана башкаруу үчүн жагымдуу жагдай, чөйрө түзүлгөн. Мектептин педагогикалык жамааты, кызматчылары үчүн ички эрежелер бар, педагогикалык жамааттын келишими, ББИМ нускама каттарынын. КР ЭК "Билим берүү" ж.б. негизинде иш жүргүзүлүп жатат. Мугалимдер ынтымактуу, окуучуларга мээримдүү, балдарга камкордук менен мамиле кылышат. Окуучуларга сапаттуу билим берүү менен турмушка даярдашат. Жакшы окуган, жаңы стадартка жетише албай жаткан окуучулар менен иштешет, алардын жетишкендиктерин баалашат. Мугалимдердин окуучуларга болгон сый урматы, окутуудагы, тарбиялоодогу иштери зор. Мектепте иштөөгөө шарттын жоктугуна карабастан келечек муундарын тарбиялап жатышат. Окуучуларга "окуучулардын эрежеси" кабыл алынган, "Балдардын конвенциясы" укугу, милдети, зордук зомбулуктун алдын алуу, рекетчилик, социалдык жактан муктаж балдар менен ж.б. өзгөчө иш жүргүзүлүп турат. Ишеним почтасы бар, окуучулар мене соц педагог жана класс жетекчилер, тарбия завуч иш жүргүзүшөт.

Жолдомо менен келген жаш мугалимдерге Калмамат к Динара жана Омүркул к Йиринге камкордук көрсөтүлүп, иштөөсүнө шарттар түзүлдү. Моралдык, материалдык жардамдар көрсөтүлдү.

Мектеп ата энелер менен дайыма тыгыз байланыш түзүп турат. А чейрек сайын класстык ата-энелер чогулушу өтүлүп турат. Ал жыйындарда окуучулардын жүрүш турушу, жетишүүсү ийгиликтери жана мектеп маселелери талкууланат.Жалпы мектептик чоң иш-чараларды өткөрүүдө ата энелер комитети дайыма колдоо көрсөтүп турат. Мугалимдер тарабынан окуучуларга компетенттүү мамиле жасалып, "ар бир ой баалуу" ураанынын астында иш алып барышат. Бул учурдун талабына ылайык болуп окуучунун жан дүйнөсүн ачууга аны толук түшүнүүгө түрткү берет. Ал эми сабактын сапатын жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ушунун негизинде ички климат аткарылып жаткан ишке шайкеш келип, окууга да, иштөөгө да толук шарт бар.

## 2-ЭТАП МЕКТЕПТИН ӨЗДҮК БААЛООСУНУН СФЕРАСЫ (2)

Мектептин күчтүү жана алсыз жактарын жана далилдүүлүк базасын таблица түрүндө көрсөтүлгөн.

| Баалоо сфералары | Күчтүү жактары | Алсыз жактары | Маалымат булактары |
|---|---|---|---|
| Окуу планы | "Билим Берүү" законуна мектептер жөнүндөгү типтүү жобогоо, мектептин уставына ылайык келишим пландарын убагында аткарылышы, жылдык пландын кыскалыгы, мазмундуулугу, конкретүүлүгү | Гуманитардык предметтердин саатынын аздыгы, окуу китептеринин жоктугу, лабаротория кабинеттеринин жоктугу | Жылдык базалык окуу планы Газета, китепкана,ТВ Тест, интернет булактары |
| Улуттук тест борбору | Предметтик мугалимдер, окуучулар | Окуучулардын кунт коюусу | Тест, китептер |
| Жалпы республикалык тест | Предметтик мугалимдер, окуучулар | Окуучулардын начар көңүл буруусу | Китептер, тест |
| Окуучулардын контенгенти | Жылдан жылга окуучулардын санынын өсүшү. | Орус тилиндеги мектептерге кетүүсү | Мектеп |
| Окуу китептери | Окуу китептеринин жетиштүүлүгү 93% | Жетишпеген китептер | Мектеп. БББ. |
| Сабактан тышкаркы ишмердүүлүк | Ийримдер, метод бирикмелер, класстык сааттар | Сапаты начар даярдыгы | Мектеп. |
| Окуу ишмердүүлүгү | Жылдык базистик окуу планы | Кээ бир предметтердин саатынын аздыгы | |

## 2-ЭТАП ӨЗДҮК БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

**Мектептин өзүн өзү баалоосу**

С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби Чүй облусундагы Москва районунун Ак-Башат айылынан орун алган. Мектеп 1989-жылдан баштап эксплуатацияга берилген. Бул корпустар Беловодс алмабак завхозуна автогараж катары курулган. 2 корпустан турат, 1 кабаттуу. Мектеп типтүү эмес. Жылытуук печка менен. Иш аянты 1400кв.м. Долбоор боюнча 150 окуучулук орунга эсептелген. Экинчи корпус 2012-жылы 26-июлда өрттөнүп кеткен. 2013-жылы жаңы мектепти түптөө башталган. Азыркы учурда бүтөрүнө аз калды. Жаңы мектеп Туркия берген жардам каражатынын негизинде курулуп жатат. 2 кабаттуу, 225 окуучулук орунга ылайыкталган.

Ошол убактан бери 1 корпуста 2 нөөмөттө окуйт. Азыркы учурда заманбап талабына ылайык окутууга жана окууга жооп бербейт.

Окутуу тили кыргыз тилинде жүрөт, чет тилдер англис жана орус тили окутулат.

Класс комплектери - 11класс.

Анын ичинде контрактык негизде – жок, коррекциялык – жок,

бюджеттик – жок.

Мектептин жамааты – 14 мугалимден турат.

3жылга чейин – 3.

5-15 жылга чейин – 3.

15 жылдан жогору – 8.

Анын ичинен жаш мугалимдер –3, пенсия курагындагы мугалимдер – 3.

Жогорку билимдүүлөр – 11,атайын орто –2.

Вакантка коюлган орундар, адистиги боюнча жетишпеген мугалимдер – физика, математика, география, химия, ыр, дене тарбия, АЧД сабактардан.

- Окуу планы – Мектеп тандап миссияга, мектептин максаттарына ылайык окуу жылындагы иш план түзүлөт. Өткөн окуу жылы үчүн окуу методикалык жана тарбиялык иштин анализи жана жаңы окуу жылына милдеттерди, мектеп иштерин уюштуруу, балдардын учету боюнча микроучасткаларга бекитүү, уюштуруу педагогикалык иштери, мектептин кызматкерлеринин эмгекти коргоо шарттарын жакшыртуу, жол коопсуздугу боюнча алдын алуу, педагогикалык кадрлар менен иш, мектеп администрациясына иш бөлүштүрүү, мугалимдин окуу нагрузкасы, кружоктор, класс жетекчилик. Окуу тарбия ишине жетекчилик, педагогикалык кеңештер, директор алдындагы кеңештеп, ОТИ жана тарбия завуч алдындагы кеңештер, УБ иши, жаш адистер, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, ата-эне, үй-бүлөө жана коомчулук менен иштөө. Материалдык техникалык базаны чыңдоо ж.б. пландалып, иш жүргүзүлөт.

Акыркы үч жыл ичинде мектепке окуучуларды кабыл алуу жана комплектилөө иштери аткарылып, ар тараптан өнүккөн Кыргыз Республикасынын татыктуу инсандарына билим берип жана тарбиялоонун үстүндө иш жүргүзүлүп келүүдө. 480 саат «Наристе» программасы боюнча окуучуларды кабыл алуу, окууту, тарбиялоо иштерине шарт түзүлүп берилди. Мугалимдер эң жакшы жана начар окуган окуучулар менен кошумча сабактар

өтүлүп, аларга кошумча тапшырма беришип, окуучунун окууга болгон жөндөмдөрүн андан ары көтөрүүгө зор көмөктөрүн көргөзүшүп жатышат.

Мектепте 3 Усулдук Бирикме иштейт – башталгыч класстардын УБ, Тил илимдер УБ, Так илимдер УБ.

Башталгыч класстардын УБ окуу жүктөмүнө ылайык окутуунун сапатын жогорулатуу максатында иш пландарын түзүшүп, анын үстүндө иштеп жатышат. Анда эң биринчи орунга мугалимдин ишмердүүлүгүндө окуу тарбия процессинде алдыга койгон максаттары, проблеманы чечүү жолдору, күтүлүүчү натыйжалары коюлган. Өз ара сабака катышу, тажрыйба алмашуу, жаш мугалимдерге жардам көрсөтүү менен усулдарын жогорулатуунун үстүндө иштер болду. 1-2-3-4-класстар «Керемет окуу» долбooруна катышып. ата-энелер менен бирдикте ачык сабактар өтүлдү. Башталгыч класстардын декадасында коюлган план жана график боюнча ачык сааттар өтүлүп, класстан тышкаркы иш чаралар жүргүзүлүп турат. Бул Усулдук бирикмеде 4 мугалим эмгектенет.

Тил илимдер УБде 5 мугалим эмгектенет. Жыл сайын декадалар график, план боюнча өткөрүлүп, Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө пландар иштелип чыгып, анын үстүндө кыргыз тилчи мугалимдерибиз иштеп жатышат.
Тил илимдер УБ мугалимдер мектеп ичиндеги олимпиадаларды өткөрүшүп, алдыга чыккан окуучулар райондук олимпиадаларга көрсөтүштү.

Так илимдер УБ 5 мугалим эмгектенет. Бул УБ эмгектенген мугалимдердин көрсөткүчтөрү да бар . Алсак, УБ жетекчиси койгон талаптар так аткарылып, бекитилген план боюнча иш чаралар иштелип жатат. Кеңешмелер убагында, декадалар план боюнча өтүлүп турат. Мектеп ичиндеги олимпиаданын жыйынтыгынын негизинде алдыңкы орундарга татыктуу болгон окуучулар райондук олимпиадаларга катышып келишкен

- Мектепте тарбия иштерин жүргүзүү

Мектептин тарбиялык иштери жана окуучулардын тарбиялуулук деңгээлин жогорулатуу боюнча 15-сентябрь Билим Күнү салтанаттуу линейка, мамлекеттик тил карылар күнү, мугалимдер күнү, балдардын жол эрежесин сактоосун алдын алуу боюнча бир айлык болуп, класстык сааттар, класстан тышкаркы иштер өтүлдү. Күз майрамы, жаны жыл, окутуу тарбиялоо процессин улуттун каада салттарына, үрп адатына, кыргыз элинин маданиятына жана руханий улуу байлыктарына таянып иштер уюштурулуп, Нооруз майрамы Ак-Башат айылынын тургундары менен бирдиктечоң программадагы улуттук каада салтты чагылдырган майрам өттү. Окуучулардын таланттарына ата-энелер жана айыл тургундары ыраазы болуп, ыраачылык билдирип турушат. Ошондой эле мектептин тегерегин тазалоо көрктөндүрүү, жашылдандыруу акциясы болду. Ар бир калсстар “Жаратылышка аяр малиле жасайлы” темасында класстык сааттар болду жана дагы мектептин тегерегин жашылдандыруу боюнча мектептин тегерегине көптөгөн көчөт отургузулду.
Мектепте эки ийрим иштейт – “Көркөм өнөр” жана “Жоогазын”. “Көркөм өнөр ийриминдеги окуучулардын жасаган эмгектери боюнча көргөзмөлөр болуп турат.

AnyScanner

Биздин мектеп коомчулук жана ата-энелер менен байланышын чыңдап, окуучулардын билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иш жүргүзөт.Мектеп жөнүндө маалымат.

**Материалдык-техникалык базанын укуктарын билүү.**

- Мектетин материалдык техникалык базасын чыңдоо боюнча минималдык талаптар

Ресурстар: Финансылык – Каржы Министирлиги, Москва рвйонундагы БББ, Ак-Суу айыл өкмөтү, грант – Жаңы салынып жаткан мектеп Турциянын берген жардамы менен салынып жатат.

Маалыматтык –“ Айыл жаңылыгы”, “Кут билим”, “Кут билим Сабак”,

Коммуникациялык – жок

Эмгектик - Мектептин жамааты – 13 мугалимден турат.

3 жылгы чейин – 3.

5-15 жылга чейин – 2.

15 жылдан жогору – 8.

Анын ичинен жаш мугалимдер – 3, пенсия курагындагы мугалимдер –3.

Жогорку билимдүүлөр – 11, атайын орто –2,бүтпөгөн жогорку -2.

Вакантка коюлган орундар, адистиги боюнча жетишпеген мугалимдер – физик. ыр, дене тарбия, АЧД , химия, география сабактардан.

Материалдык –мектепке керектелүүчү материалдар Москва райондук БББ, Ак-Суу а/ө эсебинен каржыланат.

Мектеп типтүү эмес болгондуктан класс кабинеттер жок, парта стулдар эски. Ак-Суу а/ө ремонтко: 8250с. Республикалык бюджеттен 7400сом бөлүнүп, керектелүүчү материалдар, ремонтто оңдоп түзөө иштери аткарылды.

Өрт коопсуздугу боюнча щит жасалган .

2021-2022-жылдарга кышкы отунду даярдоо мектеп директорунун эсебинен 1600 с жумшалды.Мектеп ремонттолуп 2022-2023-окуу жылына даяр болду.

Азыркы учурда жаңы мектеп салынып жатат. Жаңы мектептин курулушу 2013-жылдын 1-ноябрынан котлованы казылып башталган.2014-жылдын 1-апрелинен фундаменти казылып баштаган. 2015-жылы 1жана 2 этажы көтөрүлгөн жана крышасы жабылган,ички бөлмөлөрү толук эмес бөлүнгөн.

2016-жылы спорт залдын үстүнө фермаларын коюп үстүн жапкан. Достстой 2016- жылы январдан баштап септик куруп, котелньийдин фундаментин куюп кирпич менен стенасын көтөрүштү.

Анас строй Достстройго толук өткөрүп бере албай жатышат.2017-жылы Достстрой жаны мектептин бөлмөлөрүн бөлүп ,ичинин кум шыбагын , 1жана 2 этажын бүтүргөн.Азыркы убакта 2017-жылдын апрель айында Достстрой 1.2 этаждын откоздорун чыгарып котельныйдин үстүнүн фермасын коюп жатышат.

Анастрой спорт залдын үстүн ферманын астын жаап жатышат.

Мектеп 225 орунга пландаштырылган.Турциянын жардамынын негизинде каржыланат.

Жалпы акча 57-млн

Болжол менен фирмалардын берген маалыматы боюнча жумшалганы 21.04.2017 жылга

1-тендер "Анасстрой"-27млн 200мин
2-тендер"Досстрой"-8млн
Баары -35,2
Мектептин аянты: 12819,5м$^2$

Мектеп директор тарабынан башкарылат. Педагогикалык жамаат кадрдык суроолорду чечет. Директор мектептин ишмердүүлүгүн администрация тарабынан максаттуу башкарууга багыттоо берет.
Мектептин окуу тарбия иштери боюнча директорлун орун басары усулдук бирикмелерди башкарып иш жүргүзөт.
Мектептин тарбия иштери класс жетекчилердин усулдук бирикмелери тарабынан жүргүзүлөт.
Администрациялык милдеттер устав боюнча бөлүнгөн, эң негизги жоопкерчилик мектеп директоруна милдеттендирилет.

| № | Башкаруу кадрлар | А.Ж. | Билими |
|---|---|---|---|
| 1 | директор | Осмоналиева Таалайбү Алатаевна | жогорку |
| 2 | ОТИ боюнча ДОБ | Сокубашева Кенжегүл Орозкановна | жогорку |
| 3 | ТИ боюнча ДОБ | Рысбек к Гульбарчын | жогорку |

**Башкаруу апараттын негизги ишмердүүлүгүнүн формалары**

- Педагогикалык кеңеш – 1 чейректе 1-жолу
- Директордун алдындагы кеңешме 1 айда 1-жолу
- Административдик кеңеш 1 жумада 1-жолу
- Директор алдында кеңешме жарым жылдыкта 1-жолу
- Башкаруу иш аракеттин циклограммасы
- Жылдык, айлык иш пландары
- Башкаруу ишмердүүлүк тууралуу отчету 1 чейректе 1-жолу

**Билим ишмердүүлүгүнүн мазмуну**

С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби көп функциялык документти көрсөтөт. Анда окуунун принциптери тарбиялоо максаттары коюлган. 2018-жылдын 2023-жылга чейин.

Билим программасы төмөнкү модулдардан турат.

**1 . Мектеп тууралуу информациялык маалымкат.**

* Жалпы маалымат
* окуучулардын контингенти
* мектептин социалдык паспорту
* окуучулардын психо-физиологиялык өзгөчөлүктөрү
* Жетишүүсү
* Окуучулардын ден соолугу
* Чыгармачылык ишмердүүлүгү
* педаогикалык кадрлар

**2. Өнүгүү концепциясы**

* Мектептин приарититтүүишмердүүлүгүнүн багыты

*Онүгүүнүн маселелери жана максаттары

3 Ишке ашыруу программасы

* Билим берүүнүн мазмуну

* Технологиянын тажрыйба жаңылоосу

*Тарбиялоо системасы

* Кошумча билим берүү деңгээли

**4. Системанын өзгөрүү моделдери**

**5. Мектептин өнүгүү программасынын тактикасы**

**6. Өнүгүү программасынын этаптары**

**С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин базистик окуу планы.**

Базистик окуу планы мамлекеттик нормативдик документтердин негизинде иштелип чыккан.

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү" закону
- Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому Гостту бекитүү.
- Жалпы билим берүүчү уюмдар тууралуу 2011-жылдын 12-сентябрындагы № 541 токтому.
- Санитардык гигиеналык окуу тарбия процессиндеги режимди сактоо туралуу буйруктар.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин буйруктары
- Базистик окуу планынын түшүндүрмө каты 2021-2022-окуу жылы
- 20.08.21-ж №1460/1 буйругу менен бекитилген
- С.С.Усубалиев атындагы орто мектебинин окуу планы.

Мамлекеттик базистик окуу планы жана бекитилген Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 жана КР №404 1995-жылдагы 30-сентябрь токтому менен мектептин окуу планы шайкеш келишет.

4-жыл башталгыч класстар 1-4-класстардын окуу жылдык мөөнөтү: 1-класс – 33, окуу жумасы 2-4-класс – 34,

5 жыл 5-9-класстар үчүн окуу жылдык мөөнөтү 34 окуу жумасы
2 жыл 10-11-класстар үчүн окуу жылдык мөөнөтү -34.
Окуу жуманын узактыгы: 1-8, 10-11-класстар үчүн 5 күндүк, 9-класстар үчүн 6 күндүк окуу жумасы.

**Мамлекеттик жыйынтык аттестациясынын көрсөткүчтөрү**

**Улуттук тест борборунун 2021-2022-окуу жылдын сынактан өткөн окуучулардын жыйынтыгы**

**Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы республикалык тестирлөөсүнүн жыйынтыгы**

**Акыркы үч жылда 11-класстын бүтүрүчүлөрү жок болгондуктан, жыйынтык жок болду.**

| *Акыркы 3 жылдын жыйынтыгы* | *2019/2020-окуу жылы* | *2020/2021-окуу жылы* | *2021/2022-окуу жылы* |
|---|---|---|---|
| ЖРТ катышкан окуучулардын саны | | | |
| % | | | |
| 110 баллдан жогору алган окуучулардын саны | | | |

**Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын жыйынтыгы боюнча маалымат**

| Окуу сабактары | *2019/2020-окуу жылы* | | *2020/2021-окуу жылы* | | *2021/2022-окуу жылы* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Катышкан окуучулардын саны | Канаттандырарлык эмес баадан төмөн баа алган окуучулардын саны | Катышкан окуучулардын саны | Канаттандырарлык эмес баадан төмөн баа алган окуучулардын саны | Катышкан окуучулардын саны | Канаттандырарлык эмес баадан төмөн баа алган окуучулардын саны |
| Русский язык | 5 -100% | - | 10-100% | - | 10-100% | - |
| Кыргызский язык | 5 -100% | - | 10-100% | - | 10-100% | - |
| Математика | 5 -100% | - | 10-100% | - | 10-100% | - |
| Физика | | | | | | |
| Химия<br>Биология | | | | | | |
| География | | | | | | - |
| История | 5 -100% | - | 10-100% | - | 10-100% | - |
| Английский язык | | | | | | |
| Информатика | | | | | | |
| Адам\коом | | | | | 10-100% | - |

**Өзгөчө үлгүдөгү аттестат жана күбөлүк**

| *2019/2020-окуу жылы* | | *2020/2021-окуу жылы* | | *2021/2022-окуу жылы* | |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуучунун саны | Окуучулардын % | Окуучунун саны | Окуучулардын % | Окуучунун саны | Окуучулардын % |
| - | - | 3 | 30% | | |

**Мектептин жылдык тарбия иштеринин жалпы максаты.**

Окуучулардын ден соолугун чыңдоо, патриоттуулукка, чыгармачылыкка, жеке инсан болууга умтулуу.

Мектептин тарбиялоого негизги компоненттери.

- окуу тарбиялоо иш аракеттеринин компоненттери
- класстык тарбиялоо процестери
- мектептин коомдук иштери
- "Достук" уюму
- мектептин ата-энелер комитети

**Мектептин педагогткалык жамааты төмөнкү маселелерди аныктады.**

- Патриоттуулукка, укуктуулукка тарбиялоо.
- Жалпы коомду маданияттуулукка калыптандыруу
- Окуу тарбиялоодо ар кандай ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын активдүүлүгүн калыптандыруу
- Толеранттуулукка калыптандыруу
- Окуучулар, ата-энелер жана мугалимдердин иш аракеттерин калыптандыруу

**Тарбиялоонун ишмерлүүлүгүнүн багыттары**

- Окуп таанып билүү ишмердүүлүгү
- Нравалык укуктуулукка тарбиялоо
- Көркөм эстетикалык ишмердүүлүккө тарбиялоо
- Жашоонун сергек мүнөзү
- Экологиялык жана эмгекке тарбиялоо
- Окуучулардын өзүн-өзү башкаруусу
- Кесип тандоо ишмердүүлүгү
- Турмуш тиричилик коопсуздук негиздери

**Жалпы мектептин негизги иштери**

- 1-сентябрь –Билим күнү
- Мугалимдер күнү
- 1-класстардын күнү
- Жаңы жыл
- Ата Мекенди коргоо күнү
- Тематикалык предметтик жумалыктар
- 8-март Эл аралык аялдар күнү
- Нооруз
- Эне тил күнү
- Жеңиш күнү

AnyScanner

**Мектепте окуучулардын өзүн өзү башкаруу кеңеши төмөнкү принциптердин үстүндө негизделген.**

- Бир бирине жардам берүү жана ишенүү
- Ар тараптан өнүгүү жана умтулуу
- Окуучулардын арасындагы тең укуктуулук
- Окуучулардын укуктуулугун жана кызыгуусун өнүктүрүү
- Ар бир окуучуга гумандуу мамиле кылуу

**2021-2022- окуу жылында өткөрүлгөн иш чаралар**

- Өзүңдүн укугуңду билесиңби?
- Рекетчиликтин алдын алуу
- Балдарды зордук зомбулуктан коргоо
- "Улуттун ден соолугу, ар бир атуулдун ден соолугу"
- "Ч.Айтматов улуу жазуучу"
- "Балдардын укугун коргойлу"
- "Эч ким, эч качан унутулбайт".

**Мектептин методикалык ишмердүүлүгү**

Методикалык ишмердүүлүктүн формалары.

- тематикалык –педагогикалык кеңеш
- усулдук бирикмелер
- инновациялык ыкмаларды педагогикалык жамаат колдонуу
- практикалык жана теориялык семинарлар
- ачык сааттар жана анализдер
- бири бирине сабактарга катышуу
- предметтик декадалар
- педагогикалык мониторинг
- мугалимдердин билимдерин жогорулатуу

AnyScanner

**Билим берүү процессинин шарттары**

Жылдык календарлык график тууралуу мектептин иш убактысы.
Окуу материалдык базасын камсыздоо.
Мектептин имараты типтүү эмес. Жалпы аянты 1400 м кв. Жыл сайын ремонт өткөрүлөт. Жалпы класстардын аянты 182,96 м.кв. Орточо класстын жыштыгы 10 окуучу. Мектепте тамак аш берүүгө өзүнчө бөлмө бар. Анын аянты 40 м.кв. Мектептин аймагын спорт аянтчасы бар. Аянты 1800 м.кв., спорт зал жок. Китепкананын аянты 20 м.кв. компьютердик кабинет жок. Мектепте 4 компьютер, 2 ксерокс, 2 принтер, 2 телевизор бар. 2015-206-окуу жылында мектептин 1 корпусунун 12 терезеси пластик терезелерге алмашылып, брон эшик коюлган. 2016-2017- окуу жылында мектептин электр чубалгылары толук которулган.

## 5.1. Пландоо: максат карай жолдогу кадамдар.

Иш-аракеттер планынын формасы
2022-2023 -окуу жылы
Пландоо, максатка карай жолдогу кадамдарды турмушка ашыруу бир катар кадамдарды аткарууну талап кылынат: мугалимдерди окутуу, колдонуп жүргөн практиканы өзгөртүү, баалоо системасын колдонуу, окуу тарбиялоо процессин эффективдүү уюштуруу жана башкаруу, жабдылар менен камсыздоо. Мындан сырткары ата энелер жана коомчулуктан чыккан спонсорлор тарабынан жардам алуу муктаждыгы бар. Пландоодо кадамдардын айкын жана ырааттуулугу аларга мектепке эмнелер жана эмне үчүн керек экендигин түшүндүрөт.

- Максат жана милдеттерге жетүү үчүн ар кандай чаралар талап кылынат.
- Олуттуу финансылык жана башка ресурстарды изилдөө
- Мектептин уюштуруу системасына же маданиятына өзгөртүүлөрдү киргизүү
- Алдыга жылууга мүмкүн болбогой кала тургандыктан кандайдыр бир даярдоо иш аракеттерин сөзсүз жасоо

Максаттар окутууну жакшыртууга багытталгандыктан, кадамдар төмөнкүлөрдү камтыш керек.
А) мугалимдердин профессионалдык өсүүсү.
Б) окутуу усулдары
В) башкаруу механизмдери

AnyScanner

| № | Милдеттер Иш-чаралар | Күтүлүүчү жыйынтык | Финансылоо 1 жыл | | | | Натыйжалуулук Индикаторлору, Баалоо бирдиктери | Базалык жыл | Максаттык маанилери 1 жыл | | | | № |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 кв | 2 кв | 3 кв | 4 кв | | | 1 кв | 2 кв | 3 кв | 4 кв | |
| 1 | Мугалимдерди окутуу | Квалиф .билим. жогорулатуу | 1 муг | 1 муг | | 1 муг. | | 2021-2022 | 1 муг | 1 муг | | 1 муг | |
| 2 | Окуу тарбиялоо процессин эффективдүү уюштуруу жана башкаруу | Окууч. билим сапатын жогор | Муг. Айлык маяна | + | + | + | Тартиптүү билимдүү окуучуну чыгаруу | 2021-2022 | - | + | + | + | |
| 3 | Окутуу усулдары | Окууч. билим сапат. жогор. | - | Интерракт доска бүтүрүүч | - | - | Сапаттуу саб.өтүү Окууч.билим денг жогор. | 2021-2022 | - | + | - | - | |

## 6-бөлүм. Тиркеме

1. Бул бөлүмдө мектептин баардык дкументтер, окуучулардын тарбия иштери боюнча үстүбүздөгү окуу жылынын иштери.

Документтердин баарыы папкаларда сакталат.

2. Мектептин көйгөйлөрү боюнча чогулуштун протоколу. мектептин отчеттук картасы, жыйындын анализдери ж.б.
3. Үстүбүздөгү жылдын максаты, милдети пеедсовет, УБ аткаруу, өтүлүүчү иш-чаралары.
4. Иш пландары
5. Мектепте өтүүчү иш-чаралардын тастыкталган документтер. Приказдар (жыл ичинде толукталып турат) протоколдор, положение.

AnyScanner

### МӨП турмушка ашыруга мониторинг

Мониторинг процесстин жүрүшүнө байкоо жүргүзүү жана көзөмөлдөө максатындагы регулярдуу маалымат чогултуу жана анализ жүргүзүү процесси. Ар бир мониторингдин негизинде индикатор турат. Башкача айтканда тигил же бул кубулуш же процесстердин конкреттүү ченегичтери.

Мониторингдин негизги багыты – бири-бирине байланыштуу эки функцияны аткаруу: байкоо жана алдын алуу. Мониторинг эки суроого жооп берет.

- эмнеге жетишилди?
- Мурунтан жетишүүгө коюлган натыйжалардан (көрсөткүчтөрдөн) четтөө барбы?

### Мониторингдин компоненттери

- көрсөткүчтөрдү, индикаторлорду сүрөттөө (пландалган) максаттык жана фактылык
- фактылык көрсөткүчтөр, индикаторлорду чогултуунун системалуулугу
- көрсөткүчтөр, индикаторлордун пландык жана фактылык көрсөткүчтөрүн салыштыруу

- Жылышуу жана четтөөлөрдү аныктоо
- Маалыматты чогултуунун мезгилдүүлүгү
- Маалыматтарды чогултуу жана талдоого жооптуу адамдар

### Мониторингдин жыйынтыктары

Маалымат чогултулгандан кийин мектеп командасына төмөнкүлөрдү аткаруу талап кылынат.

- пландык жана фактылык көрсөткүчтөр ортосундагы айырмаларды талдоо
- Иш аракеттерди улантуу боюнча тыянак жана сунуштарды иштеп чыгуу
- Милдеттердин натыйжасына жетүү боюнча кадамдарды коррекциялоо
- Коллективди мониторингдин жыйынтыгы жана кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалымдоо

AnyScanner